УДК: 378.148
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-32-38

**Жыргалбекова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com

# ОКУТУУДАГЫ ФОРМАЦИЯЛЫК ЖАНА ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК МЕТОДОЛОГИЯЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация.** Макалада азыркы мезгилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларында окутуу процессинде социалдык-экономикалык билимдердин теориялык методологиялык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Формациялык жана цивилизациялык өңүттөн окутуу мамилелери боюнча түшүнүктөр ачылып көрсөтүлөт. Ошондой эле формациялык жана цивилизациялык мамилелердин өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары каралат. Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларында социалдык билимдердин мазмунун өздөштүрүүдө цивилизациялык мамилелер өңүтүнөн окутуунун нормативдик-жоболук документтер аркылуу ырасталып жаткандыгы айтылат. Жогорку кесиптик билим берүүдө социалдык-экономикалык багыттагы билимдерге ээ болгон магистратуранын бүтүрүүчүсү көпчүлүк учурда жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери. Мугалим ишмердигинде окутуунун теориялык жана методологиялык негиздери боюнча маселелер менен кездешет. Макалада 6-класстарынын предметтик программаларына ылайык окуу китептеринин иштелип чыгышын аныктаган мазмун ачылып көрсөтүлөт жана окуу китептерине жана окуу-методикалык адабияттардагы цивилизациялык мамиле менен белгиленген мазмун ырасталат.

**Негизги сөздөр:** окутуу, методология, формациялык, цивилизациялык, жогорку кесиптик, жалпы билим берүү, социалдык-экономикалык билим берүү, предметтик программалар, окуу китептери.

**Жыргалбекова Г.К.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com

# МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ФОРМАЦИОННОГО И ЦИВИЛИЗАЦИОННОГО ПОДХОДОВ В ОБУЧЕНИИ

**Аннотация.** В статье рассмотрены теоретико-методологические особенности использования социально-экономических знаний в процессе преподавания по основным образовательным программам высшего профессионального образования. Рассматриваются основные понятия, используемые в процессе обучения в отношении формационного и цивилизационного подходов в обучении, особенности и различия этих подходов. В статье особо подчеркивается, что при освоении содержания социальных знаний в высших учебных заведениях Кыргызской Республики преподавание с позиции цивилизационного подхода

обосновывается соответствующими нормативно-правовыми документами. Выпускники, окончившие магистратуру по направлению «Социально-экономическое образование» высшего профессионального образования, в большинстве своем являются учителями общеобразовательных школ. В своей педагогической деятельности они сталкиваются с проблемами теоретических и методологических основ преподавания. В статье раскрывается содержание учебников 6 класса, учебно-методической литературы, разработанных на основе цивилизационного подхода к изложению материала, соответствующего учебным программам.

**Ключевые слова:** обучение, методология, формационный подход, цивилизационный подход, высшее профессиональное образование, общеобразовательные учебные заведения, социально-экономическое образование, предметные программы, учебники.

**Zhyrgalbekova G.K.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com

## METHODOLOGICAL PECULIARITIES OF FORMATION AND CIVILISATION APPROACHES TO LEARNING

**Annotation.** The article examines the theoretical and methodological features of the use of socio-economic knowledge in the teaching process in the main educational programs of higher professional education. The basic concepts used in the learning process in relation to formational and civilizational approaches to learning, the features and differences of these approaches are considered. The article especially emphasizes that when mastering the content of social knowledge in higher educational institutions of the Kyrgyz Republic, teaching from the perspective of a civilizational approach is justified by the relevant regulatory documents.
Graduates who have completed a master's program in the direction of “Socio-economic education” of higher professional education are, for the most part, teachers of secondary schools. In their teaching activities, they encounter problems of the theoretical and methodological foundations of teaching. The article reveals the content of 6th grade textbooks, educational and methodological literature, developed on the basis of a civilizational approach to the presentation of material corresponding to the curriculum.

**Key words:** training, methodology, formational approach, civilizational approach, higher professional education, general education institutions, socio-economic education, subject programs, textbooks.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына ылайык иштелип чыккан предметтик программалар боюнча Дүйнөлүк жана Кыргызстандын тарыхы предметтери окутулат. Бул предмет өсүп келе жаткан муундардын атуулдугун, мекенчилдигин жана улуттук өзгөчөлүктөрүн калыптандырууда, улуттук коопсуздукту чыңдоодо жана Эгемен Кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууда маанилүү факторлордун бири болуп саналат [1].

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде тарых курсун окутуу белгилүү укуктук-жоболук документтердин негизинде ишке ашырылып келет [1]. “Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых” академиялык предмет катары заманбап билим берүү мейкиндигинин органикалык бөлүгү болуп саналат, тарыхый эс тутумду жана тарыхый аң-сезимди калыптандырууга өбөлгө түзөт [1]. Билимдүү адам – белгилүү социумдун койгон талаптарына ылайык өзүнүн билимин андан ары өнүктүрүүгө, өзүн өзү тарбиялоого жөндөмдүү, ийкемдүү, компетенттүү адам. Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн стандартында бул ойлор мындайча ырасталып турат: “негизги мектепте билим берүүнүн мазмуну окуучуларга жарандык тарыхты үйрөтүүгө, тарыхый, социологиялык, маданий, этикалык, саясий, укуктук жана экономикалык түшүнүктөрдүн негизин калыптоого багытталат” [2, 54-б.]. Кылымдар тогошуп, доор жаңыланган сайын тарыхый билимдердин негизин түзгөн категория-фактылар (окуялар, көрүнүштөр, процесстер) тарых илиминин фундаменталдуу бөлүгүн түзүп, изилдөө үчүн объект болуп кала берет. Ал эми билимдердин мазмунуна: окуп үйрөнүү объектиси катары илимий таанып билүүдө изилденип такталган, тандалган материалдар, коомдогу баалуулуктардын алкагындагы маселелер камтылышы шарт [6, 384-б.]. Тарых сабагын куруунун методикасында “Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметинин орду жана ролу инсандын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга жана руханий-адептик жактан өнүгүүсүнө кошкон салымы менен аныкталат. Тарыхты изилдөө жана окуп үйрөнүү компетенттүү мамилеге ылайык жүргүзүлүп келет. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде тарых предметтерин окутуу белгилүү принциптерге жана методологияларга таянат. “Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых” курсун окуп үйрөнүүдө тарыхыйлуулук, хронологиялык, аймактык, проблемалык ж.б. принциптерге негизделет. Ал эми методологиялык ыкмалар тууралуу сөз кылсак, изилдөө жана окуп үйрөнүү процессинде формациялык жана цивилизациялык мамилелер катар колдонулуп келет. Азыркы мезгилде цивилизациялык ыкманы колдонуу оптималдуу деп эсептелинет.

Ошондой болсо дагы формациялык мамиленин өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетели. Формациялык мамиле адамзаттын өнүгүшүн табигый-географиялык процесс катары карайт, ал ар бир формацияга мүнөздүү болгон материалдык байлыктарды өндүрүү ыкмасы менен коомдук-экономикалык формациялардын ырааттуу өзгөрүшүнө негизделет [1]. Анын пайда болушу К.Маркстын (1818-1883) жана Ф.Энгельстин (1820-1895) коомдук-экономикалык формациялар теориясы менен байланышкан. Бул теория боюнча “социалдык-экономикалык формация” түшүнүгү тарыхый өнүгүүнүн бир этабында турган, материалдык өндүрүштүн өнүгүүсүнүн белгилүү деңгээлине туура келген коомду билдирет. Коомдун өнүгүүсү өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүш мамилелеринин өнүгүү деңгээли менен аныкталган. Тактап айтканда, адам баласы колдонуп келген эмгек куралдарынын татаалданышы менен коомдун диалектикалык өнүгүүсүнүн деңгээли ченелген. Адамзаттын тарыхы коомдук-экономикалык формациялардын тарыхы катары изилденген жана окутулган. Формациялык мамиленин негизинде, дүйнөлүк тарых көптөгөн коомдук-тарыхый организмдердин тарыхынын жыйындысы катары каралат, алардын ар бири коомдук-экономикалык формациялардан «өтүшү керек». Ошентип, тарыхта болгон коомдук системалардын бүткүл көптүгү бир нече негизги типтерге– бири-бирин ырааттуу алмаштырып турган коомдук-экономикалык формациялар менен байланышкан. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхы, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик коомдун тарыхы, социалисттик коомдун тарыхы делип, социалисттик коомдун жогорку баскычы болгон коммунизмге баратабыз деген концепция

жашаган. Албетте, өндүргүч күчтөрдүн (адам жана анын эмгек куралдары) өнүгүүсү багытынан алып караганда бул диалектикалык мүнөздөгү концепция болгондугуна ынанууга болот. Ал эми өндүргүч күчтөрдүн ортосунда мамилелердин карама-каршылыктарынан улам коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр күтүлгөн. Эмгек куралдарынын татаалданышы менен, мануфактурадан башкача айтканда кол эмгегинен машина эмгегине өтүү коомдук-экономикалык кийинки формация капиталисттик формациянын келишине шарт түзгөн. Дүйнөлүк тарыхта бул темаларды “Англиядагы буржуазиялык революция” деп азыркы мезгилдеги окуу программалары боюнча Дүйнөлүк тарыхтын 8-классында окутулат.

СССРдин кулашы, анын марксизм-ленинизм идеологиясынан баш тартууга методологиялык шарттарды түздү. Идеологиялык плюрализм (ар кыл багытына өтүү) пайда болду. Тарых жана башка социалдык-экономикалык билимдерди окутууга цивилизациялык мамилеге таянып окутуу концепциясы иштелип чыкты. Албетте, бул эч кандай ойлонуп табылган концепция эмес. “Цивилизация” түшүнүгү латындын “civilis” деген сөзүнө кайрылып, “жаранга”, “шаар тургуну” катары мүнөздүү сапаттарды аныктайт. Убакыттын өтүшү менен бул сөздүн мааниси кеңейип, XVIII кылымдын адабий италиялык тилинин негиздөөчүлөрүнүн бири, акын жана ойчул Данте Алигериге бардыгын камтыган адамзат коомчулугу жана биримдиги катары жазууга мүмкүндүк берет [3]. “Цивилизация” түшүнүгүнүн эволюциясынын тарыхы эки жарым кылымды камтыйт. Цивилизация теориясы тарых, социология, саясат таануу, культурология жана башка гуманитардык илимдердин курамы катары эсептелет.  Орус окумуштуусу Мечников Л. цивилизациянын пайда болушунун негизги себептеринин бири физикалык-географиялык шарттар менен байланыштырат. “Кандай гана мамлекетте болбосун, дарыя жандуу синтездин, физикалык жана географиялык шарттардын бүтүндөй жыйындысынын: климаттын жана топурактын, жер бетинин рельефинин көрүнүшү”  [3] катары көрсөтөт.

Цивилизация теориясы XIX кылымда америкалык илимий антропологиянын негиздөөчүсү Л.Г.Морган капиталисттик коомго мүнөздөмө берүү үчүн колдонгон. Цивилизациялык өнүгүүнүн теориясы масштабдуу түрдө Н.Данильевский (1822-1885), Шпенглер О (1880-1936) Тойнби А. (1889-1975) Сорокин П. (1889-1968) тарабынан  ар тараптуу түзүлгөндүгү белгилүү.  Заманбап изилдөөчүлөр цивилизация жана маданият түшүнүктөрү жакын деп эсептешет. Маданиятты коомдун материалдык жана руханий, интеллектуалдык жана эмоционалдык өзгөчөлүктөрүнүн комплекси, анын ичинде адамдын жашоо образы жана жашоо эрежелери, баалуулуктардын, каада-салттардын, ишенимдердин системасы катары түшүнүү керек (7-35) деп белгилешет. Цивилизация — адамзаттын тарыхындагы сапаттык этап, анын өзүнө таандык маданий-социалдык комплекси түзүлгөн белгилүү этап. Маданият цивилизациянын жаралышынын негизи. Цивилизация–белгилүү бир мүнөздөмөлөрдүн болушу менен мүнөздөлгөн өзгөчө типтеги коом, алардын негизгилери: урбанизация, социалдык катмарлануу, экономикалык жана саясий ишмердүүлүк, адамдын инсандыгын типтештирүү, тышкы турмуштук активдүүлүктөр менен мүнөздөлгөн.

“Цивилизация”—полисемантикалык термин, ар кандай варварчылыкка каршы турган бүткүл адамзаттын өнүгүү деңгээли катары (бул мааниде цивилизация маданий өнүгүүнүн синоними) саналат. Саясий, мамлекеттик, диний, экономикалык, маданий жана социалдык салттардын, адеп-ахлактуулуктун, баалуулуктардын жана дүйнө таанымынын жыйындысы менен мүнөздөлгөн көз карандысыз коом (же ири мамлекет) катары (мындай цивилизациялар жергиликтүү деп аталат)  каралат.

Цивилизациянын өзүндө маданияттын өнүгүшүнө (дин, искусство, адеп-ахлак, укук, каада-салт, жашоо образы ж.б.) басым жасалат, формалардын жана кубулуштардын көп түрдүүлүгүнөн айырмаланат. Адамдарды бириктирген нерсе этникалык, диний, маданий коомчулук жана негизги баалуулуктар, өлкөнүн жана жеке өзүнүн тарыхый тажрыйбасы. Ошондой эле адамзат цивилизациясынын тарыхый жолунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө билими болуп саналат. Цивилизациялык мамиле бир цивилизацияны экинчи цивилизациядан эмне айырмалай турганына көңүл бурат.

Кыргыз республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде тарыхты окутууга цивилизациялык концепциянын киргизилиши окуу программаларына ылайык, окуу китептеринин мазмуну аркылуу ишке ашырылууда. 5-класста Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхын окутуунун предметтик программасына ылайык, “Адамзат цивилизациясынын башаты, “Дарыя аралыгындагы цивилизациялар, “Деңиз цивилизациялары”, “Кыргызстандын аймагындагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялар” деген бөлүмдөр камтылган окуу китептери жарык көрду [3]. Ал эми 6-класста Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхын окуп үйрөнүү боюнча предметтик программанын негизинде иштелип чыккан окуу китептеринде дагы мазмундук өзгөрүүлөр келип чыкты. Алсак, Кыргызстандын тарыхы бөлүгүндө “Кыргыздардын ата-бабалары көчмөндөр цивилизациясынын башатында”, “Кыргыздардын көчмөн жана отурукташкан цивилизацияда өнүгүшү” бөлүмдөрү камтылган. Ал эми Дүйнө тарыхы “Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизация” деген аталыш менен берилип, “Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациянын негизи”, “Борбордук Азиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүшү” мазмуну окутулууда [4].

Ал эми 10-класстын Дүйнө тарыхы предметинде “Байыркы чыгыш цивилизациялары”, Байыркы Грекия жана Рим цивилизациялары”, “Жаңы дүйнө цивилизациялары” деген мазмунду өздөштүрүүгө багытталган.

Ошентип, тарыхты изилдөөгө жана окуп үйрөнүүгө болгон мамиленин ичинен эки негизгиси бөлүп көрсөтүлдү. Формациялык мамиле адамзаттын өнүгүүсүндөгү ырааттуу этаптарды – формацияларды карайт. Чындыгында, бул адамзат тарыхынын этап боюнча сызыктуу өнүгүүсүн, же мында калыптануу жолун түшүндүрүү. Формациялардын өзгөрүшү, бул ыкманы жактагандардын пикири боюнча, өндүрүштүн конкреттүү ыкмасына жараша социалдык-экономикалык мамилелердин өзгөрүшү менен аныкталат. Формациялык ыкманын кемчилиги - маданий жана руханий турмуштун көптөгөн процесстери жөнөкөйлөштүрүлгөн түрдө каралат, айрым элдердин бир калыпта эмес жана өзгөчө өнүгүүсүнүн себептери аныкталбайт, инсандын тарыхтагы ролуна анча көңүл бурулбайт.

Цивилизациялык мамиле жергиликтүү цивилизацияларды алардын маанилүү белгилеринин жыйындысында изилдөөнү камтыйт. Илимпоздор жергиликтүү цивилизациялардын ар кандай санын эсептешет; салттуу түрдө алардын бир нече ондогону белгилүү. Жергиликтүү цивилизациялар бир нече мамлекеттер менен ири маданий аймактарды ээлеп келген жана азыр да ээлеп турат. Дагы бир белгилеп кете турган маселе, диндер (мисалы, христианчылык, ислам ж. б.) цивилизациялардын калыптанышында чоң роль ойногон. Цивилизациялык мамиле тарыхый процесстин формаларынын көп түрдүүлүгүн белгилеп, жергиликтүү цивилизациялардын өзгөчөлүгүн изилдөөгө басым жасайт.

Бул бардык элементтер бири-бирин толуктап турган көп түстүү сүрөттүн бир түрү сыяктуу. Ошол эле учурда цивилизацияларды изилдөө да бүткүл адамзат коомунун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү суроого толук жооп бере албайт.

Ошондуктан көптөгөн тарыхчылар цивилизациялык жана формациялык ыкмаларды бири-бирин жокко чыгаруучу эмес, тескерисинче, бири-бирин толуктап турат деп эсептешет. Тарыхты изилдөө кайсы позициядан жүргүзүлбөсүн, ал коомдун өнүгүүсүндөгү чындыкты түшүнүүгө багытталышы керек экендигин, изилдөөчүнүн көз карашына карабастан объективдүү болушунун, бардык элдерди жана алардын маданиятын урматтоого тийиш экендигин дайыма эстен чыгарбоо керек. Бул принциптер адамзат тарыхын изилдөө процессинде сакталышы керек. Цивилизациялык мамиле ар бир элдин тарыхын кайталангыс жол катары түшүнүүгө негизделген. Мында негизги концепция цивилизацияга – спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон коомго айланат. Адам - прогресстин кыймылдаткычы. Ал мамлекеттин өнүгүшүнө таасир эте алат. Бири-бирин алмаштырган цивилизациялардын айырмасы саясий системанын өзгөчөлүгүнө, экономикалык өнүгүү деңгээлине, коомдук түзүлүшүнө, руханий-адептик баалуулуктарына байланыштуу. Ошондой эле мамлекеттердин жана коомдордун типологиясына формациялык мамиле менен цивилизациялык мамиленин окшоштуктары жана айырмачылыктары бар. Алар менен кыскача таанышалы. Формациялык жана цивилизациялык мамиледен өзгөчөлүгү ар кандай өлкөлөр жана элдердин өнүгүүсүндөгү олуттуу этаптарды аныктоо болуп саналат. Изилдөөчүлөр бир этаптан экинчи этапка өтүү көбүнчө революциялык өзгөрүүлөр, башкача айтканда, коомдун негиздерине жана анын бардык чөйрөлөрүнө таасир этүүчү кайра жаралуулар аркылуу ишке ашат деп эсептешет.

Эки ыкма тең материалдык өндүрүш тармагындагы өзгөрүүлөргө алып келген процесстердин кайра жаралуу булагы катары таанууга негизделген. Алардын артынан коомдук түзүлүш да, саясий багыт да өзгөрөт.

Мамилелердеги айырмачылыктарды карасак, формациялык жана цивилизациялык мамилелерди салыштыруу эки классификациянын негизинде олуттуу айырмачылыктарды көрсөтөт. Маркстын окуусу бардык коомдорго мүнөздүү өнүгүүнүн мыйзамдарын аныктаса, цивилизациялык мамиле ар бир жеке мамлекеттин басып өткөн жолунун кайталангыс процесси катары каралат.

Формациялык мамиледе экономикалык фактор чечүүчү болсо, цивилизациялык мамиледе маданий баалуулуктарга башкы рол берилет.

Макаладагы оюбузду жыйынтыктоо менен, төмөнкү пикирди айтууга болот.

1. Эки классификациянын салыштырма мүнөздөмөлөрү прогресстин ар кандай критерийлерин аныктоого мүмкүндүк берет: Маркстын теориясында бул өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли, ал эми цивилизациялык мамиледе инсандын эркиндигинин деңгээли.
2. Цивилизациялык мамиле адамдын иш-аракетинин эволюциясын кыймылдаткыч күч катары жарыялайт. Цивилизациялык ыкманын негизги кемчилиги– дүйнөнүн абалынын тарыхын бирдиктүү процесс катары көрсөтө албагандыгы болуп эсептелет. Алар бири-биринен обочолонуп жашагандай көрсөтөт.
3. Формациялык мамиле мамлекеттин тарыхын формациялардын өзгөрүшү катары болжолдойт. Анын негизин өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли түзөт.
4. Цивилизациялык мамиле прогрессти цивилизациянын ырааттуу тизмеги катары карайт.
5. Демек, социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун азыркы шартында формациялык жана цивилизациялык өңүттөрдөн окутууну салыштырып түшүндүрүү менен айкалыштырып окутууну сунуштайбыз.

**Адабияттар**

[1] Кыргыз республикасынын мектептеринде Тарых предметин окутуунун мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2021.

[3 ] Ковальченко И.Д. Методы исторического исследования. – М.: Наука, 2003. – 486 с.

[3] Коротенко В.А, Марченко Л.Ю., Курумбаева Г.Д., Фукалов И.А. Учебно-методический комплекс по направлению "Социально-экономическое образование". – Бишкек: 2-е изд., исправ. и доп., 2022. – 432 с.

[4] Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы. 5-кл. Жалпы билим берүүчү мектеп үчүн окуу китеби / Осмонов Ө.Ж. Керимова Ш.К., Жыргалбекова Г.К.2 бас., Б., Имак офсет, 2021 – 208 б.

[4]. Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы 6 кл./ Осмонов Ө.Ж. Керимова Ш.К., Жыргалбекова Г.К. – Бишкек: Билим компьютер, 2018 – 196 б.

[5] Ө.Ж.Осмонов, А.Б.Элебесова. Дүйнө тарыхы. – Бишкек: Инсанат, 2012. – 248 б.

[6] Вестник КГУ им. И.Арабаева. Выпуск №1, 2023. – 382 б.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Усупова Н.С.**